КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
АК-СУУ РАЙОНУ

ЧЕЛЬПЕК
АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛ КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
АК-СУЙСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
ЧЕЛЬПЕКСКОГО
АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА

# ТОКТОМ

12.07.2021-ж. № 16 — Чельпек айылы

## Чельпек айыл аймагында калктуу конуштарда жайгашкан жер тилкелерди жана айыл чарбасына пайдаланууга мүмкүн болгон баардык жер тилкелерди жөнгө салуу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы № 123 "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 34-беренесинин 14-пунктуна ылайык жана Чельпек айылдык Кеңешинин XXVIII-чакырылышынын кезексиз XI-сессиясынын негизинде Чельпек айылдык Кеңеши **токтом кылат:**

1.Чельпек айыл аймагынын тургундарына айыл аймактагы калктуу конуштарда жайгашкан жеке көмөкчү чарба жүргүзүү, курулуш куруу жана турак жайды тейлөө үчүн бөлүнүп берилген жер участоктордун ээлери жер тилкесинин юридикалык өлчөмдөрүнөн сырткаркы жер тилкелерин үй салууга жер тилкесине муктаж жакын адамдарына (балдарына, кыздарына анын ичинде асырап алган балдарына, кандаштыгы боюнча жакын туугандарына, ошондой эле багуусунда же болбосо толук көзөмөлүндө турган башка адамдарга) турак үй куруу, тейлөө жана жекече көмөкчү чарба жүргүзүү үчүн бөлүп берүүгө макулдук берилсин.

2. Чельпек айыл аймагында жайгашкан башка жерлер (прочие земли) категорясындагы жер тилкелерди, анын ичинде малчынын үйүн жана мал сарай курууга жарактуу жер тилкелерин айылдык Кеңештин жер комитетинин чечимдерине ылайык айыл аймактын жарандарынын муктаждыктарына жараша жеке менчикке берүүгө макулдук берилсин.

3. Бул токтомду аткаруу жагы Чельпек айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы С.Б.Кадаевке милдеттендирилсин.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын айылдык Кеңештин жер комитетине жүктөлсүн.

Төрага — Б.Омуркулов